КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ
XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКСИЗ IV СЕССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
ТАМГИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ВНЕОЧЕРЕДНАЯ IV СЕССИЯ
XXVIII СОЗЫВА

# ТОКТОМ

2023-жылдын «02» октябрь. № 38 Тамга айылы

## Тамга айылдык аймагынын жер пайдалануу картасынын № 112 чөйрө сызыгындагы «Көп жылдык мөмө-жемиш багы» жер тилкеси жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы **«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө»** № 123 Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз IV сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы **«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө»** № 123 Мыйзамынын 31-беренесине ылайык Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 112 чөйрө сызыгындагы 23,3 га жер тилкеси инвентаризацияланып, Тамга айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине бекитилип берилсин.
2. Кабыл алынган чечимдерге ылайык, Тамга айыл өкмөтүнүн жер пайдалануу картасынын № 112 чөйрө сызыгындагы 23,3 га жер тилкесин инвентаризациялап, муниципалдык менчикке бекитип, тиешелүү мамлекеттик укук күбөлүктөрүн алуу жагы Тамга айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго милдеттендирилсин.
3. Токтомго кол коюлгандан кийин аталган жер тилкесин каттоодон өткөрүп берүү жагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Жети-Өгүз филиалынан суралсын.
4. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**